КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

---

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXII сессиясы**

**Токтом № 42**

Сүлүктү шаары «02» 02. 2023-ж

**Сүлүктү шаардык кенешинин 2022 жылдын 21-ноябрындагы №73 токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын прокурорунун 26.01.2023ж. №11-7-43-23 Сүлүктү шаардык кеңешинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №73 сандуу токтомуна каршылык билдирүүсүнүн жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Мыйзамынын 34 беренесинин, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары" жөнүндө Мыйзамынын 10 беренесинин жана Сүлүктү шаардык кеңешинин регламентинин 2-главасынын 2.1. пунктунун 10 – бөлүгүнүн негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №73 сандуу "Сүлүктү шаарынын аймагында суу эсептегичи жок абоненттер үчүн таза суунун тарифин бекитүү жөнүндө" токтому жокко чыгарылсын;

2. Суу эсептегичи жок абоненттерге таза суунун тарифтик баасы Сүлүктү шаардык кеңешинин XVIII – сессиясынын №63 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана Финансы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Баткен облустук бөлүмү тарабынан макулдашылган прейскуранттык наркы менен эсептөөгө алынсын.

3. Токтомдун көчүрмөсүн шаардык прокуратурага жиберүү жагы шаардык кеңештин аппаратына жүктөлсүн;

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жана Сүлүктү шаарынын мэринин 1- орун басары И. Д. Бабаевге жүктөлсүн.

Төрага : Р.М. Жайнаков